**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.18.575 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу Адилбек Жантаевдин Сагидаева Салтанат Ариповнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» аттуу диссертациясы боюнча**

# КОРУТУНДУСУ

Д 10.18.575 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповна тарабынан 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн берилген «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келдик:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сагидаева Салтанат Ариповна тарабынан берилген «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» деген темадагы кандидаттык диссертация Д 10.18.575 диссертациялык кеңешинин профилине негизинен туура келет.

Иште 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна жалпысынан жооп берүүчү **кыргыз адабиятына арналган илимий эмгектер** боюнча изилдөөлөр жасалат.

Изденүүчүнүн белгилөөсүндө, диссертациянын максаты – XX кылымдын 40-80-жылдар аралыгында кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналып жазылып, ар бири өз алдынча китеп болуп чыккан илимий эмгектердин адабият илимине кошкон салымын, ийгиликтери менен мүчүлүш жактарын объективдүү талдап чыгуу [**Сагидаева С. А.** Диссертациянын тексти. 3-б.]. Максат туура эле коюлган.

Ал диссертацияда алдыга коюлган максат төмөндөгү милдеттерди ишке ашыруу менен чечилгенин көрсөтөт:

1. Улуттук адабият таануу илимибизде 1920–30-жылдар аралыгындагы өнүгүш абалы, идеялык-тематикалык, адабий-эстетикалык изденүүлөрдүн натыйжаларына баа берүүгө арналган алгачкы обзордук эмгектерге илимий экскурс жасоо;
2. 1940–50-жылдар аралыгында кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеп,



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ им. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 98/04-8
«24» 02 2020 г.

системага келтирүүдөгү алгачкы аракеттерге иликтөө жүргүзүү;
3. 1960–70-жылдар аралыгында жазылган кыргыз адабиятынын тарыхына тешелүү материалдарды өз ара салыштырып, булардагы жаңы көрүнүштөрдү, мүчүлүш кеткен жактарды илимий негизде талдап чыгуу;
4. Жазуучулардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн алгачкы этабы, бул багыттагы оң, терс көрүнүштөргө анализ берүү;
5. Адабий процесстин өнүгүү этаптарын обзордук иликтөөлөрдө чагылдыруу маселелерин талдоого алуу;
6. «Тарыхтарда» жазуучулардын чыгармачылык портреттерин берүүдөгү жалпылыктар жана айырмачылыктарды аныктоо [**Сагидаева С. А.** Диссертациянын тексти. 3-4-бб.].

Изденүүчү диссертациянын изилдөө объектисин «Улуттук адабиятыбыздын көркөм дөөлөт катары мыйзамдуу жашап калыш феноменинин келип чыгышын, дүйнөлүк адабияттар жетишкен эстетикалык бийик сапаттарга чейин өсүп жетилишин, ушул феномендин калыптаныш, өсүш-өнүгүш мыйзам ченемдерин изилдөөгө алган жогоруда аталган мезгилде жаралган эмгектерди иликтөө» түзөрүн белгилейт [**Сагидаева С. А.** Автореферattын тексти. 5-б.].

Ал эми диссертациянын изилдөө предметин «XX кылымдын 40–80-жылдары аралыгындагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналып жазылган илимий эмгектер» түзүшөрүн көрсөтөт [**Сагидаева С. А.** Авторефераттын тексти. 5-б.].

Ушул жерде методологиялык мүнөздөгү жаңылыштык бар. Аны аныктай кетели. Туура, изилдөөнүн объектиси менен предметинин ичкериден тыгыз байланышы болот, бирок эч качан изилдөөнүн объектиси менен предмети бир эле нерсе болушу мүмкүн эмес. Ал эми изденүүчү С. А. Сагидаева объектини көп сөз менен берет, предметти аз сөз менен берет, бирок анын изилдөөсүндө экөө бир эле нерсе, б.а. **кыргыз адабиятына арналган илимий эмгектер**.

Биз оюбузду тактай кетели. Аталган **изилдөөнүн объектиси** – XX кылымдын 40-80-жылдарындагы кыргыз адабиятына арналган эмгектер. **Предмети** болсо – ошол эмгектердин артыкчылык жана кемчилик жактары, б.а. аткарылыш сапаты. Ушинтип тактаса болот.

Ошентип, биз азырынча шарттуу түрдө гана аткарылган диссертация 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет деген тыянак чыгара алабыз. Бирок, изденүүчү аталган жагдайды түзөтүүсү зарыл.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу (диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугунун негизделиши).**

Диссертант өз изилдөөсүнүн актуалдуулугун иштин 3-бетинде мүнөздөп берген. Анын изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоосу негизинен туура. Анткени, чынында да XX кылымдын 40-80-жылдарындагы кыргыз адабияты боюнча жазылган эмгектер изилдене элек болчу.

**3. Илимий жыйынтыктар.**

Иште кыргыз адабиятына арналган илимий эмгектер изилденип, төмөндөгүдөй бир катар жыйынтыктар чыгарылган:

**1-жыйынтык.** Диссертант XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз адабиятынын абалын изилдеген алгачкы обзордук эмгектерге экскурс жасаган (1-баптын 1-параграфы);

**2-жыйынтык.** Изденүүчү 1940-50-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын системалаштырган алгачкы аракеттерге иликтөө жүргүзгөн (1-баптын 2-параграфы);

**3-жыйынтык.** Автор 1960-70-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча эмгектерди салыштырып изилдеген (2-баптын 1-параграфы);

**4-жыйынтык.** Изденүүчү жазуучулардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн алгачкы этабына мүнөздөмө берген (2-баптын 2-параграфы);

**5-жыйынтык.** Автор адабий процесстин өнүгүү этаптарын обзордук мүнөздөгү изилдөөлөрдө чагылдыруу маселелерин талдоого алган (3-баптын 1-параграфы);

**6-жыйынтык.** Изденүүчү адабий портреттердин берилишиндеги жалпылыктар менен айырмачылыктарды аныктаган (3-баптын 2-параграфы);

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Кыргыз адабиятынын тарыхынын 40-80-жылдардагы этаптарын изилдөөнүн теориялык-методологиялык өбөлгөлөрүн изилдөө зарылдыгына негизделген. Бирок, иште кыргыз адабият таануусу боюнча конкреттүү илимий изилдөөлөргө обзор жок экенин белгилейбиз;

**2-жыйынтык.** Диссертанттын өз изилдөөсүнүн илимий негизин түптөө, буга чейин каралбай келген маселелерди аныктоо зарылдыгына байланышкан. Бирок, тилекке каршы, дал ушуну аткарууга жетише албаган;

**3-жыйынтык.** XX кылымдын 1960-70-жылдарындагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча эмгектерди салыштырып изилдөөгө негизделген. Бул изилдөөнүн материалын түзөт, андыктан негизи бар дей алабыз;

**4-жыйынтык.** Жазуучулардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдеген эмгектерге кайрылуу зарылдыгы менен шартталган. Бул да изилдөөнүн материалы боло алат, демек негиздүү. Бирок, изилдөөнүн материалдарына токтолгону менен, методологиясын жана методдорун карабай калганын белгилейбиз;

**5-жыйынтык.** Адабий процесстин өнүгүү этаптарын обзордук изилдөөлөрдө чагылдыруу маселелерин кароого байланышкан. Негиздүү деп кароого болот. Изилдөөнүн материалына жатат;

**6-жыйынтык.** Кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылык портреттерин түзүү маселесин талдоо зарылдыгы менен шартталган. Изилдөөнүн материалына кирет, негиздүү дешке болот;

**5. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

Албетте, диссертацияда сөзсүз жаңылык бар. Изденүүчү буга чейин кыргыз адабият таануусунда изилдөө объектисине алынбаган материалдарды талдап, изилдеп жатат.

**1-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, анткени буга чейин деле 20-30-жылдардагы кыргыз адабиятынын абалын изилдеген эмгектер тууралуу аздыр-көптүр сөз болуп келген.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, себеби 1940-50-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын системалаштырган эмгектер тууралуу конкреттүү изилдөөлөр жасалган.

**3-жыйынтык.** Жаңы, 1960-70-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча эмгектерди салыштырып изилдөө колго алына элек болчу.

**4-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, жазуучулардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү адабиятчылар мурда эле ишке ашырып келишкен.

**5-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, адабий процесстин өнүгүү этаптарын обзордук изилдөөлөрдө чагылдыруу адабиятчылар тарабынан мурда эле колго алынган.

**6-жыйынтык.** Жаңы, адабий портреттердин берилишиндеги жалпылыктар менен айырмачылыктар салыштырылып талдана элек болчу.

**6. Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытталышын баалоо.**

Сагидаева Салтанат Ариповнанын «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» деген темадагы диссертациялык изилдөөсүнүн материалдары ички логикалык биримдикке ээ экени шексиз. Анткени анда конкреттүү мезгил үзүмүндөгү, б.а. XX кылымдын 40-80-жылдарындагы кыргыз адабиятына арналган эмгектер хронологиялык иретте талданып жатат. Бирок изилдөөнүн структурасын курууда КР ЖАК сунуштаган **милдеттүү схема** сакталган эмес. Ошондой эле алынган жыйынтыктарды практикалык колдонуу мүмкүнчүлүктөрү өзүнчө сөзгө алынбайт жана практикалык сунуштар берилбейт. Демек, биз бул жаатта диссертант тарабынан оңдолчу маселелер бардыгын белгилейбиз.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Иштин практикалык баалуулугу бар. Ал кыргыз адабият таануусунун, кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө; кыргыз адабият таануусунун тарыхы боюнча лекциялык материалдарды даярдоодо колдонулат. Ал эми изилдөөнүн практикалык баалуулугу тууралуу диссертант өзү келтирген көп пикирлер ашыкча деп эсептейбиз.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автордун төмөнкү публикацияларында чагылтылган:


1. **Сагидаева, С. А.** Кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектер тууралуу [Текст] / С. А. Сагидаева // КУУ Жарчысы. Выпуск 2. – Бишкек, 1996. –216-223-бб.
2. **Сагидаева, С. А.** Портреттик материалдардын ортосундагы айырмачылыктар [Текст] / С. А. Сагидаева // КУУ Жарчысы. Выпуск 2. – Бишкек, 1997. – 97-104-бб.
3. **Сагидаева, С. А.** Нукура тарыхый адабий чындык туура изилдөөдөн жаралат [Текст] / С. А. Сагидаева // К. Сартбаев – окумуштуу-педагог. – Бишкек, 2002. –178-182-бб.
4. **Сагидаева, С. А.** "Кыргыз адабиятынын очерктери" жана андагы профессионал адабияттын тарыхына байланыштуу бөлүм тууралуу [Текст] / С. А. Сагидаева // Философские и правовые проблемы. Институт философии и права НАН КР. – Бишкек, 2003. –70-83-бб.
5. **Сагидаева, С. А.** Профессионал адабиятты изилдөөдөгү алгачкы саамалыктар [Текст] / С. А. Сагидаева // Бектурсун Алымов. Жыйнак. – Бишкек, 2003. – 352-358-бб.
6. **Сагидаева, С. А.** Кыргыз совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу [Текст] / С. А. Сагидаева // К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл МУнин илимий практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол. –2011. – 178 – 183-бб.
7. **Сагидаева, С. А.** Совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу [Текст] / С. А. Сагидаева // К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл МУнин илимий практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол. – 2011. – 183 – 188-бб.
8. **Сагидаева, С. А.** Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгынын кыргыз адабиятынын тарыхында изилдениши [Текст] / С. А. Сагидаева // Ж. Баласагын атындагы КУУ Жарчысы. Гуманитарные науки. Выпуск 1. – Бишкек. – 2012. – 40-43-бб.
9. **Сагидаева, С. А.** Кыргыз адабиятынын тарыхы тактыкты талап кылат. [Текст] / С. А. Сагидаева // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. – Бишкек. – 2015. – 89-95-бб.
10. **Сагидаева, С. А.** К. Бобуловдун "Кыргыз прозасында реализмди өнүктүрүүнүн жолдору" аттуу эмгеги тууралуу [Текст] / С. А. Сагидаева // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. – Бишкек. – 2015. – 156-163-бб.
11. **Сагидаева, С. А.** О книге "Очерки кыргызской литературы" (1943), а также о ее разделе, имеющем отношение к истории профессиональной литературы [Текст] / С. А. Сагидаева // Наука и образование: новое время. – Чувашия. Чебоксары. – 2018. – С. 95-103. https: elibrary.ru/item. asp?id=35556953
12. **Сагидаева, С. А.** Объективные и негативные явления в исследовании

литературного процесса 60-х и 70-х годов [Текст] / С. А. Сагидаева // Наука и образование: новое время. – Чувашия. Чебоксары. – 2018. – С. 73-77. https: elibrary.ru/item.asp?id=29786265

**13. Сагидаева, С. А.** XX кылымдын 1-жарымындагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү маселелер ("Кыргыз совет адабиятынын очерктеринин материалдарында) [Текст] / С. А. Сагидаева // "Национальные лингвосферы сопредельные зоны партнерства" (Ч. Т. Айтматова). – Бишкек, 24-26 октября 2018 г. – 2018. – 59-66-бб. https:elibrary.ru/item.asp?id=37114939

Диссертант өз изилдөөсүнүн мазмунун публикацияларда чагылтуу милдетин белгилүү даражада аткарууга жетишкен.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна белгилүү өлчөмдө дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Д 10.18.575 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары аталган кандидаттык диссертация боюнча төмөнкү жетектөөчү уюмду жана расмий оппоненттерди дайындоону сунуш кылабыз:

– жетектөөчү уюм катары – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин докторлору эмгектенишкен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтуна караштуу кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасын;

– биринчи расмий оппонент катары – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору, профессор Исаков Каныбек Абдуваситовичти, анын изилдөөнүн проблемасына чукул төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Исаков, К. Б. Сарногоевдин поэтикалык изденүүлөрү [Текст] / К. Исаков. – Ош, 2004.
2. Исаков, К. Тамсил: Жанрдын генезиси жана эволюциясы [Текст] / К. Исаков. – Б.: Айат, 2008.
3. Исаков, К. Тамсил кудурети [Текст] / К. Исаков. – Б.: Айат, 2009. – 36 б.
4. Исаков, К. Кыргыз балдар адабияты [Текст] / К. Исаков. – Б.: Айат, 2012. – 264 б.

– экинчи расмий оппонент катары – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты Устабаева Гүлнар Карыпбековнаны, анын изилдөөнүн проблемасына чукул төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Устабаева, Г. К. Артыкбаевдин адабий-сынчылык чеберчилиги [Текст]: Ф.и.к. ... дисс.: 10.01.01 / Г. Устабаева. – Бишкек, 2013. – 156 б.
2. Устабаева, Г. К. Артыкбаевдин алгачкы сын макалаларындагы урунттуу маселелер [Текст] / Г. Устабаева // Ж. Баласагын атындагы КУУ Жарчысы.

Серия 1. – 2007. – Чыг.5. – 151-154-б.
3. Устабаева, Г. К. Артыкбаевдин макалаларында реализм маселесинин козголушу [Текст] / Г. Устабаева // Кыргыз тили жана адабияты. – 2011. – №20. – 173-178-б.

Тапшырылган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.18.575 диссертациялык кеңешине изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн берилген «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» деген темадагы кандидаттык диссертациясын коргоо үчүн сунуш кылабыз. Бирок, изденүүчү коргоого чейин диссертация менен авторефераттын тексттерин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык жыш каталардан арылтуусу абзел. Муну көрсөтүү уят болсо да, биз зарыл деп таптык.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**профессордун милдетин аткаруучу** **А. С. Жантаев**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Н. Т. Ыйсаева**